**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2025-жылдын 11-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев, Ч.А. Айдарбекова, Л.Ч. Жолдошева курамында, катчы Н.Ж. Жанышбекованын катышуусунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сунуштамасын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 13-январында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.А. Касымалиевдин сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамадан көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесинин жобосун түшүнүүдөгү аныксыздык кайрылуу үчүн негиз болгон, анда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өлкөнүн банктык системасына көзөмөлдү жүзөгө ашырат, акча-кредит саясатын аныктайт жана жүргүзөт, бирдиктүү валюта саясатын иштеп чыгат

жана жүзөгө ашырат, акча белгилеринин эмиссиясынын өзгөчө укугуна ээ жана банктык каржылоонун ар кандай формаларын жүзөгө ашырат деп көрсөтүлгөн.

Конституциянын 106-беренесин түшүнүүдөгү аныксыздык мегарегулятор түрүндө консолидацияланган финансылык көзөмөлдүн концептуалдык моделин түзүү мүмкүнчүлүгүн изилдөөнүн жүрүшүндө келип чыкты, ал банк секторун гана эмес, ошондой эле камсыздандыруу, мамлекеттик эмес пенсиялык фонддор, баалуу кагаздар рыногу сыяктуу финансылык рыноктун башка сегменттерин контролдоо жана башка функцияларды бириктирмек.

Азыркы учурда ишмердүүлүктүн бул чөйрөлөрү Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын контролунда турат, ал Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин алдында иштейт. Арыз ээсинин пикири боюнча, банк секторун жана финансы рыногун жөнгө салуудагы жалпы маселелерге карабастан, мыйзамдар Улуттук банктын ыйгарым укуктарын жана башка мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын бөлөт.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренеси функциялардын жана ыйгарым укуктардын чектелген тизмегин белгилейт, алар “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын ченемдери аркылуу ишке ашырылат деп эсептейт.

Арыз ээси бирдиктүү финансылык көзөмөлдөө органына өтүүдө жөнгө салуу жоопкерчилигин басаңдатууга жол бербөө үчүн мыйзамда белгиленген так формулировкаланган максаттарды коюуну талап кылат деп эсептейт. Муну менен бирге сунуштамада белгиленгендей, мегарегуляторго өтүү бул Улуттук банк тарабынан конституциялык ченемдерде белгиленген чектерден чыгып кетиши мүмкүн болгон жөнгө салуу чөйрөсүн негизсиз кеңейтүүгө алып келбейби деген суроолорду жаратат.

Кайрылуу субъектиси Улуттук банктын ыйгарым укуктарын кеңейтүү ченемдерди иштеп чыгуунун сапаты көз каранды болгон жөнгө салуучу функцияларды бөлүштүрүүнүн колдонуудагы системасын начарлатпашы жана башка органдардын көзөмөлдүк көз карандысыздыгы үчүн тобокелдиктерди жаратпашы маанилүү экендигин белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесинде каралбаган финансы рыногунун башка субъекттерин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча компетенцияны берүү мүмкүнчүлүгү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын аталган беренесин расмий чечмелеп берүүнү суранууда.

Судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сунуштамасын жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, тиешелүү текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык, аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген кайрылуу ишти Конституциялык сотто кароого жүйө жана негиз болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сунуштамасы формасы жана мазмуну боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 19, 20, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынсын.

Судьялар коллегиясы: ____________Ж.А. Шаршеналиев

____________Ч.А. Айдарбекова

____________Л.Ч. Жолдошева

№_______